# РОВАЛАНГ

## ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

**Соодадагы аталышы:** Ровалангg.
**Эл аралык патенттелбеген аталышы:** Цитиколин.
**Дарынын түрү:** ичип кабыл алуу үчүн сироп.
**Курамы:** ар бир 5 мл төмөнкүлөрдү камтыйт:
*Активдүү зат*
Цитиколин натрий
цитиколинге тете 500 мг
*Көмөкчү заттар:* натрий метилпарабен, натрий пропилпарабен, натрий бензоат, сорбитол 70% эритме, пропиленгликоль, натрий сахарин, глицерин, суюк бал эссенциясы, ак роза эссенциясы, Понсо 4R боёгучу, тазартылган суу.
**Сүрөттөмөсү:** Кызгылт жыты бар суюктук.
**Фармадарылык тобу:** Нерв системасынын ооруларын дарылоо үчүн препараттар. Психоаналептиктер. Психостимуляторлор, гиперактивдүүлүк менен көңүл буруу жетишсиздиги синдромунда колдонулуучу каражаттар, жана ноотроптук препараттар. Башка психостимуляторлор жана ноотроптук препараттар. Цитиколин.
**АТХ коду:** N06BX06.
**Фармакологиялык касиети:**
*Фармакодинамикасы:*
*Цитиколин* нейрон мембраналарынын түзүлүштүк фосфолипиддеринин биосинтезине түрткү берет, бул мембраналардын функцияларын, анын ичинде ион алмашуучу насостордун жана нейрорецепторлордун иштешин жакшыртууга көмөк көрсөтөт. Мембрананы турукташтыруучу таасиринин натыйжасында, цитиколин шишимикке каршы таасир көрсөтөт, мээ шишимигин азайтат. Цитиколин баш сөөк-мээ мертинүү жана мээнин кан айлануусунун курч бузулуулары сыяктуу патологиялык процесстерден кийин церебралдык дисфункция менен байланышкан симптомдордун айкындыгын азайтат. Унутуунун деңгээлин азайтат, когнитивдик, сенситивдик жана мотордук бузулууларда абалды жакшыртат. Цитиколин гипоксияда жана мээнин ишемиясында байкалган, анын ичинде эс тутумдун начарлашы, эмоционалдык лабилдүүлүк, күнүмдүк ишти жана өзүн тейлөөнү аткарууда кыйынчылыктарда симптомдорун жакшыртат.
*Фармакокинетикасы:*
Цитиколин организмде камтылган табигый зат болгондуктан, эндогендик жана экзогендик цитиколинди сандык аныктоонун татаалдыгына байланыштуу – классикалык фармакокинетикалык изилдөө жүргүзүүгө мүмкүн эмес. Фармакокинетикалык изилдөөдө анын дээрлик толук сиңүүсү байкалган. Цитиколин ашказан-ичеги жолунда толук сиңет, ичкенден кийин 5 күн ичинде дозанын 1% азыраагы заңда аныкталган.
Биожеткиликтүүлүгү пероралдуу жана парентералдык куюуда дээрлик бирдей. Бөлүп чыгаруу – абдан жай, негизинен дем алуу жолдору аркылуу жана заара менен.
**Колдонууга көрсөтмө:**
- мээнин кан айлануусунун бузулуусунун курч фазасы;
- мээнин кан айлануусунун бузулуусунун оорлошулары жана кесепеттери;
- баш сөөк-мээ мертинүүсү жана анын кесепеттери;
- дегенеративдик жана кан тамырдан келип чыккан церебралдык патологиядан пайда болгон сенситивдик, мотордук жана башка неврологиялык бузулуулар.

**Каршы көрсөтмө:**
- препараттын курамындагыларга өтө сезгичтик;
- ваготониясы бар (вегетативдик нерв системасынын парасимпатикалык бөлүгүнүн чыйралуусу басымдык кылат) оорулууларга дайындоого болбойт;
- 18 жашка чейинки балдар курагы (маалымат жок).

*Кош бойлуулукта жана бала эмизүү мезгилинде колдонуу:*
Кош бойлуу мезгилинде көзөмөлдөнгөн изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес. Препаратты колдонууда түйүлдүк үчүн коркунучтун далили алынбаса да, кош бойлуу мезгилде дары препараты, эгерде күтүлгөн пайда потенциалдуу коркунучтан жогору болгондо гана дайындалат. Ровалангды бала эмизген мезгилде дайындоодо аялдарга бала эмизүүнү токтотуу керек, себеби цитиколиндин эне сүтү менен бөлүнүп чыгуусу тууралуу маалыматтар жок.
**Колдонуу жолу жана дозалары:**
Препарат тамак учурунда же тамак ичүүнүн ортолорунда колдонулат. Колдонуунун алдында препаратты бир аз өлчөмдөгү сууга (120 мл же 1/2 стакан) аралаштырууга болот.
*Ишемиялык инсульттун жана баш сөөк-мээ мертинүүсүнүн курч мезгили:* сунушталган дозасы ар бир 12 саатта 1000 мг (10 мл) түзөт. Дарылоонун узактыгы – 6 жумадан кем эмес.
*Ишемиялык жана геморрагиялык инсульттардын калыбына келүү мезгили, баш сөөк-мээ мертинүүсүнүн калыбына келүү мезгили, баш мээнин дегенеративдик жана кан тамырдык ооруларында когнитивдик жана жүрүм-турум бузулуулары:* сунушталган дозасы суткасына 500-2000 мг (5-20 мл суткасына 1-2 жолу) түзөт.
Дарылоонун дозасы жана узактыгы оорунун симптомдорунун оордугуна көз каранды. Улгайган куракстагы бейтаптарга Роваланг препаратынын дозасын тууралоо талап кылынбайт.
**Кыйыр таасири:**
*Аллергиялык реакциялар:* бөртмө, теринин кычышуусу, анафилактикалык шок.
*Нерв системасы тарабынан:* баш оору, баш айлануу, титирөө, галлюцинациялар, уйкусуздук, дүүлүгүү, шал болгон колу-бутту сезбей калуу, парасимпатикалык системага түрткү берүүчү таасир.
*Тамак сиңирүү системасы тарабынан:* окшуу, кусуу, ич өтүү, табиттин төмөндөшү, боор ферменттеринин активдүүлүгүнүн өзгөрүшү.
*Башкалар:* ысуу сезими, АБ кыска мөөнөткө өзгөрүүсү, шишимиктер, энтигүү.
**Ашыкча доза:**
Препараттын төмөн токсиндүүлүгүн эске алуу менен дарылык дозалардан ашырган учурда да, дозасынан ашыруу учурлары сүрөттөлгөн эмес.
**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири:**
Цитиколин L-дигидроксифенилаланиндин таасирин күчөтөт.
Меклофеноксат камтыган дары каражаттары менен бир убакта дайындоого болбойт.
**Өзгөчө көрсөтмө:**
*Автомобилди башкаруу жана механизмдер менен иштөө жөндөмдүүлүгүнө таасири*
Дарылоо мезгилинде бейтаптарга өзгөчө көңүл бурууну жана тез психомотордук реакцияларды талап кылган ишмердиктин потенциалдуу коркунучтуу түрлөрүн (анын ичинде автомобилди жана башка унаа каражаттарын башкаруу, кыймылдуу механизмдер менен аткаруу, диспетчердин жана оператордун жумушу) аткарууда этияттыкты сактоо керек.
**Чыгаруу формасы:**
Янтарь түсүндөгү ПЭТ флакондо 30 мл ичүү үчүн сироп.
10 мл ченем стаканы менен бир флакон жана медицинада колдонуу боюнча нускамасы менен бирге картон таңгакта.
**Сактоо шарты:**
Кургак, жарык тийбеген жерде 25°C жогору эмес аба табында сакталат.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек.
Тоңдурууга болбойт.
**Жарактуулук мөөнөтү:**
2 жыл. Жарактуулук мөөнөтү бүткөндөн кийин колдонууга болбойт.

**Берүү шарты:**
Дарыгердин рецепти боюнча.

SPEY

**Соода маркасынын жана каттоо күбөлүгүнүн ээси:**
**Spey Medical Ltd.**
Lynton House, 7-12 Tavistock Square,
London, WC1H 9LT, UK (Улуу Британия)

**Өндүрүүчү:**
**Synokem Pharmaceuticals Ltd.**
Plot No. 35 & 36, Sector 6A, IIE,
SIDCUL, Ranipur, Distt. Haridwar-249403,
Uttarakhand, India (Индия)

**Кыргыз Республикасынын аймагында продукциянын (товардын) сапаты боюнча керектөөчүлөрдөн арыз-доолорду кабыл алуучу уюмдун дареги:**
«Aman Pharm» (Аман Фарм) ЖЧК, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Шооруков көч. 36.
Тел.: (0312) 560466, E-mail: aman.pharm12@gmail.com